**УДК 373.2**

***Кубанычбек кызы Н., Аман кызы Б., Жумакадырова А.***
*Кубанычбек кызы Нурзада – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Аман кызы Бакытгүл – п.и.к., доцент, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Жумакадырова А. – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# АТА-ЭНЕЛЕР МЕНЕН МУГАЛИМДЕРДИН БИРДИКТҮҮ ИШ АРАКЕТТЕРИН УЮШТУРУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# ОСОБЕННОСТИ ОРГАНИЗАЦИИ СОВМЕСТНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ РОДИТЕЛЕЙ И УЧИТЕЛЕЙ

# FEATURES OF ORGANIZING JOINT ACTIVITIES OF PARENTS AND TEACHERS

***Аннотация:*** *Макалада үй бүлөөдөгү баалуулуктардын тарбиялоо маселесиндеги орду жана коомдук пикирлердин маанилүүлүгү туурасында ойлор камтылды. Окутуу жана тарбиялоо ишинде ата-энелердин тарбиячы жана мугалимдерге көмөктөшүүсүнүн мааниси туурасында сөз болот*

***Аннотация****: В статье содержатся мысли о месте семейных ценностей в вопросе образования и значении общественного мнения. Мы поговорим о важности помощи родителей воспитателям и учителям в обучении и воспитании.*

***Summary:*** *The article contains thoughts about the place of family values in the issue of education and the importance of public opinion. We will talk about the importance of parents assisting educators and teachers in teaching and upbringing*

***Түйүндүү сөздөр:*** *тарбиялоо процесси, үй бүлөөлүк баалуулуктар, мектепке чейинки билим алуу, окутуунун уюштуруу*

***Ключевые слова:*** *образовательный процесс, семейные ценности, дошкольное образование, организация образования*

***Key words:*** *educational process, family values, preschool education, organization of education*

Биргелешкен иш-аракет – бул мугалим менен ата-эненин бири-биринин чогуу аракетине, өз ара түшүнүшүүгө, бири-бирин урматтоого жана таасирге негизделген активдүү ишмердүүлүк. Ата-эне, мугалим жана окуучунун тыгыз байланышы жана кызматташтыгы баланын билим алуусуна жана тарбиясына оң натыйжа берет.

Кызматташуу – бул мугалимдер менен ата-энелердин бир максатта кылган иш-аракети. Алардын баарлашуу, тажрыйба алмашуусу, баланын өнүгүү жолундагы көйгөйлөрдү чечүүнү көздөгөн өзгөчө ыкмалардын бири деп атоого болот. Мектепке чейинки билим берүү уюмдары менен аткарылган жумуштардын бардык формаларынын негизги максаты балдардын, атаэнелердин, мугалимдердин ортосунда ишенимдүү мамилелерди түзүү болуп эсептелет. Аларды бир топко бириктирүү жана муктаждыктарын бири-бири менен биргелешип чечүү зарылдыгын тарбиялоо болуп саналат.

Ар заманда окутуу жана тарбиялоо процессинде мугалимдер менен ата-энелердин өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжасында көптөгөн маанилүү маселелер чечилген жана ийгиликтерге карата жол ачылган.

Мугалимдер менен ата-энелердин өз ара аракетин төмөнкүдөй багыттар менен кароого болот. Алар:

- ✓ балдарды тарбиялоодо биргелешип иштөөгө мугалимдердин жана ата-энелердин оң эмоционалдык мамилеси;
- ✓ баланын индивидуалдык өзгөчөлүгүн эске алуу (үй-бүлө менен байланышта болуу менен мугалим окуучунун өзгөчөлүктөрүн жана адаттарын үйрөнөт жана өз ишинде эске алат);
- ✓ үй-бүлөлүк байланыштарды чыңдоо;
- ✓ окуучуну билим берүү мекемесинде да, үй-бүлөдө да тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн бирдиктүү программасын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү.

Мектепте чейинки билим берүү уюмдарында ата-энелер менен биргеликте иш алып барууда жана жыйынтык чыгарууда иш жүргүзүүнүн түрдүү формаларын пайдаланууну педагог окумуштуулар изилдеп келишкен. Ата-энелер менен мугалимдердин иш аракеттеринин формалары илимий-педагогикалык адабияттарда жана методикалык колдонмолордо ар тараптуу жолдор менен сунушталган. Ю.К.Бабанский, И.П.Подласый, Н.И.Болдырев, В.П. Сергеева, И.В.Гребенников, О.Н. Урбанская, В.А.Маишева, А Студенте, Р.М.Капралова, Н.А.Медникова, И.Л.Маленкова, В.Г.Сенько, Т.В. Воликова, Г.М.Коджаспирова, Л.П.Кибардина, Е.П. Алексеева ж.б. окумуштуу педагогдор өздөрүнүн эмгектеринде ата-энелер менен иштөөнүн жекече, коллективдүү жана группалык формаларына болушунун маанилүүлүгүн белгилешет.

Мугалим менен ата-энелердин биргелешкен аракеттерин уюштуруу формалары жекече, коллективдүү жана группалык түрдө болот. Жекече иш алып баруунун формаларына – баланын үй-бүлөсүнө баруу, ата-энелер менен аңгемелешүү (баарлашуу), айрым суроолор боюнча атаэнелерге жекече консультация берүү, телефон аркылуу ата-энелер менен баарлашуу, ата-энелер менен кат алышуу кирет. И.В. Гребенников «Ата-энелер менен жекече иш алып баруу зарыл жана пайдалуу. Алар менен көзмө-көз аңгемелешип отуруп, ар кандай себептер менен чогулушта айтууга ыңгайсыз болгон, жүрөктү өйүгөн суроолор боюнча сыр бөлүшүүгө болот» [2, 36-б.] - деген оюн билдирген. Ата-энелер өздөрүнүн балдарынын мүнөзүндөгү өзгөчөлүктөрдү жакшы билишкендиктен, алар жөнүндөгү маалыматтарды так беришет.

Мугалимдер окуучулардын жетишүүсүнүн жана жүрүш-турушунун жыйынтыктарын чыгарган учурда класска адилеттүү мамиле кылып мүнөздөмө берүүгө умтулат. Сабактан өз учурунда жетишпегендерге кошумча жардамдарды берип турат. Мындай абалды жакшыртууда жана оңдоодо ата-энелердин колдоосуна жана жардамына муктаж болушат. Ошол эле учурда атаэнелерди педагогикалык жактан агартуу иши да мугалимдин ишинин эң маанилүү жана татаал бөлүгү болуп саналат. Педагогикалык агартууну тарбиялоо жумушунун системаларынын бирине айландыруу, ата-энелер менен лекциялардын жана аңгемелердин тематикасын балдардын класстан-класска көчүрүлүш учурунда мектептин алдында пайда болгон окутуу-тарбиялоо жумушунун милдеттери менен ылайыкташтыруу маанилүү жумуштардан болуп саналат.

Ошол себептен мугалим менен жекече мамилелешүү ата-энелерге гана пайда алып келбестен, мугалим үчүн да пайдалуу жактары болмокчу. Мындан улам мугалим менен атаэненин ортосундагы мамилелер калыптанып, бирдиктүү иш жүргүзүүгө мүмкүнчүлүктөр көбөйөт.

Ата-энелер менен мугалимдердин бирдиктүү иш аракетинен натыйжа чыгаруу максатында ата-энелер чогулушун уюштуруунун мааниси өзгөчө деп атоого болот.

Улуу энциклонедист, байыркы грек философу Аристотель үй-бүлөнү «бакыттын үйү» ден баалаган. Чындыгында да үй-бүлөдө өз ара мамилелер урматсый, бирин-бири түшүнгөндүктүн негизинде уюштурулуп, үй-бүлөлүк такт сакталып, эркиндик, тең укуктуулук, үй-бүлөнүн жыргалчылыгы үчүн ар бир үй-бүлө мүчөсүнүн салым кошууга карата жасаган аракети, идеалдарынын деңгээлинде болсо, андай үй-бүлө бакыт үйүнө айланары бышык. Үй-бүлөнүн ынтымактуулугу, бирине-биринин камкордугу, жакындыгы, туугандык сезимдери, жардамдашуу сыяктуу иштери кубаныч алып келерин бала сезе турган деңгээлде тарбия берилсе, бакыт үйүнүн маанисине жетет [3, 8-б.].

Мектепке чейинки жаштагы баланы сүйүүбүз менен гана ар тараптан тарбиялап кое албайт экенбиз. Ага комплекстүү иш чара иштеп чыгып, аны ырааттуу түрдө турмушка ашыра алсак гана максатка жетүүгө боло турган көрүнүш. Андай иш чараны түзүп, үй-бүлө шартында кезеги менен турмушка ашыра ала турган ата-энелер жок эмес.

Педагогика - ата-энелерди бир гана баланы тарбиялоого үйрөтпөстөн, өздөрүнүн билим деңгээлин, маданиятын, эрудициясын, интеллектуалдык дареметнн жогорулатууга да өбөлгө түзүүчү булак. Дүйнөлүк өнүгүү процессинде кыргыз эли да, тарбиянын негизги фактору болгон үй-бүлө тарбиясын өнүктүрүп, коомдук мамилелерге жаш муундарын даярдап, аны тарбиянын чордонуна айландырып келе жаткан эл. Кыргыздар, байыртан эле ак ниет, боорукер, меймандостугу менен айырмаланып, өзүнүн рухий сапатын, айкөлдүгүн көрсөтүп келген. Мындай асыл сапаттар педагогикалык ишмердүүлүктө пайдаланылып, ал өз кезегинде жаш муунубуздун коомубузга керектүү инсан болуп өсүп жетилүүсүнө шарт түзөп, рухуна адамгерчиликтин шербеттерин уютуусу керек. Ата-бабаларыбыздан калган тарбиялоо мурасы муундан-муунга жашоонун негизги жолдорун жана коомдук жашоонун тартибин үйрөтүп, аны өсүп келе жаткан муунду тарбиялоонун күчтүү куралына айлантып, өзүнүн үрп-адат, каадасалттары, аркылуу элдин болочок муунду тарбиялоодо жыйнаган социалдык тажрыйбаларынын жыйындысына айландырган.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячы - мугалимдеринин негизги максаты окуучуларды тарбиялоодо үй-бүлөгө кесипкөйлүк менен жардам берүү. Ошону менен катар тарбиялык функциялардын толук аткарылышын камсыз кылуу болуп саналат. Билим берүү мекемеси билим берүү процессин жана балдардын, ата-энелердин жана коомдун реалдуу өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылган эң маанилүү социалдык институттардын бири болуп саналат.

Ата-энелердин үлгүлүү таасирлүү эсте каларлык аракеттери балдарынын аң-сезимине, жүрүм-турумуна өчпөс из калтырат. Бүгүнкү күндө ата-энелердин балдарына таасир берүүсү, үлгү болуусу замандын өзгөрүүсүнүн натыйжасында өтө эле жетишсиз. Ошондуктан тарбиялоо иштерине олуттуу болгон ата-энелер балдары менен анда-санда гана сүйлөшүп, турмуш маселелеринин олку-солкуларына маани беришкенге убактылары жетишсиз болуп, ойдогу деңгеелдеги өз таасирлерин тийгизе алышпай келе жатышат. Мына ушул багытта ата-энелер иш жүргүзүшүп, тарбиялоо жараянында элдик жомоктор, насыяттар жана башка тарбия шаймандарынан пайдаланууга багыт болуусу керек. Бул багытта кыргыз

элинин ата-бабаларынан калган көөнөргүс мурастары жетиштүү. Ата-энелер канчалык даражада ошол түгөнгүс байлыктардан пайдаланып, бала тарбиясында жетекчиликке алат экен, ошончолук өсүп келе жаткан муундун тарбиясынын мазмуну байып, руханий дүйнөсү кеңейип, турмуштагы терс көрүнүштөрдү аңдоого жөндөмдүү болуп, достук, туугандык, жакындык, бир пикирдүүлүк, кең пейилдүүлүккө окшогон сапаттары калыптанат [3, 89-б.].

Баланын жашоосу эки маанилүү чөйрөдөн турат: мектеп жана үй-бүлө. Алар ар убак өзгөрүүгө жана өнүгүүгө дуушар болушат. Коомдун өнүгүүсүнүн азыркы этабында башкалар менен катар үй-бүлөлүк баалуулуктарды жоготуу демографиялык көйгөйлөрдүн негизги себептеринин бири болуп калды. Демек, билим берүүнүн маанилүү жана актуалдуу көйгөйлөрүнүн бири мектепке чейинки билим берүү уюму жана мектептин үй-бүлөнүн кызматташтыгы болуп саналат.

Эки тарап тең өздөрүнүн, кээде адилеттүү дооматтарын айтышат. Ошентип, мугалимдер ата-энелердин балдарынын мектеп турмушуна кызыкпаганына, кээде начар тарбияланып жатканына, адеп-ахлактык баалуулуктардын жетишсиздигине, пассивдүүлүгүнө даттанышат. Ата-энелер өз кезегинде ашыкча жүктөмгө, мугалимдин кайдыгерлигине, балдар коллективиндеги мамилелерге наразы. Окутуу-тарбиялоо ишинде мындай маселелердин болуп турганы закон ченемдүү көрүнүш. Андыктан биргелелип иш алып баруунун натыйжасында жогорудагыдай эки тараптын кө караштарын жоюу жеңил жана ырааттуу түрдө көзөмөлгө алынат.

П.Ф.Лесгафттын үй-бүлөлүк тарбия теориясы гуманизм жана балага болгон сүйүү көз карашынан келип чыккан. Педагог өзүнүн үй-бүлөлүк тарбия теориясында тарбиячыга жана мугалимге баланы тарбиялоо милдетин өзүнө алган ата-энеге көмөктөшүү керектигин белгилеген. Бул сыяктуу баалуу пикирлерди белгилүү лпедагогдор өздөрүнүн кесиптин жана турмуштук тажрыйбаларынан улам жыйынтыктарга келип турушкан.

Айталы, А.С.Макаренко камтыган педагогикалык проблемалардын арасында үй-бүлөдөгү тарбия теориясы өзгөчө орунду ээлейт. Ал аны өзүнүн педагогикалык дүйнө таанымынын негизги идеясына – коллективдин тарбиялык ролуна ылайыктаган.

Баланы тарбиялоодо мугалим жана –ата-энелердин бирдиктүү иш аракеттерин көптөгөн Ата Мекендик окумуштуулар дагы изилдөөгө алышкан.

Ар түрдүү социалдык факторлордун ичинен үй-бүлөнүн тарбиялык таасири биринчи орунда турат. Окумуштуу педагог Н.Асипова «Үйбүлөлүк тарбиянын негизги максаты болуп баланы келечекте ата-энесининин оюндагыдай, коомго пайдалуу жана инсандык жактан ар тараптан өнүккөн адам катары тарбиялоо жана турмушка даярдоо эсептелет»-деп белгилөө менен үйбүлөлүк тарбиянын мазмуну жана жолдору ошол үй-бүлөгө мүнөздүү болгон инсандык ресурстарга байланыштуу экендигин далилдейт [1, 116-б.].

Ал адамдын бүткүл жашоосунда жана иш аракеттеринде өз таасирин тийгизип келет. Атаэнелер балдарынын ар тараптуу өнүгүшүнө умтулушат

**Адабияттар:**


1. Асипова, Н.А. Социалдык тарбия. – Бишкек, 2004. – 116 б
2. Гребенников, И.В. Мектеп жана үй-бүлө / Которгон А. Молдокматова.  Фрунзе: Мектеп, 1988. 36-б

3. Касымов Т., Миталипов К. Үй-бүлөдөгү мектепке чейинки бала тарбиясы. –Б.; 2010. 89б
4. Савин. Н.В. Педагогика. –Фрунзе “Мектеп” 1974